





## "Turn It Around" долбоорунун алкагында Борбор Азия өлкөлөрүнүн жаштары үчүн сынак: Климаттык карточкалардын Борбор Азия топтому

Климаттын өзгөрүүсүнүн чакырыктарын искусство жана тексттин жардамы менен жаңыча чечмелеген уникалдуу климаттык карталарды түзүүгө кошулуңуз! Эгер сиз Казакстан, Кыргызстан, Тажикстан же Өзбекстандан болсоңуз, экологиялык көйгөйлөргө карата көз карашыңызды билдирип, аларды чечүү жолдорун сунуштай аласыз. Сиздин добушуңуз бул креативдүү долбоордун бир бөлүгү болуп калышы мүмкүн!

Борбордук Азиядагы CAPS Unlock аналитикалык борбору ЮНЕСКОнун Регионалдык кеңсеси (Алматы) менен өнөктөштүктө жана Климаттык билим берүү боюнча Борбордук Азия Альянсы (БАКББ) менен биргеликте идеялуу балдар менен жаштарды "Turn-It-Around:" долбоорунун алкагында сынакка катышууга чакырат. Климаттык карточкалардын Борбор Азия топтому

**Долбоордун максаты** – искусство жана текст аркылуу климаттын өзгөрүшүнө карата реакцияларды кайра чечмелеген өзгөчө климаттык карточкалардын топтомун иштеп чыгуу болуп саналат. Долбоор Казакстандын, Кыргызстандын, Тажикстандын жана Өзбекстандын жаштарын алардын экологиялык көйгөйлөргө жана чечимдерге болгон көз карашын чагылдырган материалдарды түзүүгө тартууга багытталган.

**Сынакка сереп**

*Материалдардын тематикасы:*

- Климаттын өзгөрүшүнө энергия өндүрүүнүн таасири (Климат жана Энергия)
- Климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттеринин Борбор Азияны суу менен камсыздоого, тамак-аш азыктарын өндүрүүгө жана экосистемага тийгизген таасири
- Бардык тирүү жандыктардын ортосундагы байланыш жана алардын жашоо чөйрөсүнүн өзгөрүшү (адамдын жаратылышка болгон мамилеси жана анын айлана-чөйрөгө тийгизген таасири)

- Жамааттардын жашоосу жана алардын айланасындагы жаратылыш менен гармониясы
- Климаттын өзгөрүшү жана биологиялык ар түрдүүлүк (флора жана фауна)
- Климаттын өзгөрүшүн басаңдатуу үчүн эмне кылсак болот
- Табигый экосистемалардын маанисим
- Жаштардын климатка карата активдүү мамилеси
- Табият кырсыктары жана биз
- Ар бир адам үчүн туруктуу жашоо образы

*Катышуунун шарттары:*

- Мектепке чейинки уюмдардын балдары, шаардык жана айылдык мектептердин окуучулары, университеттердин студенттери жана Казакстан, Кыргызстан, Тажикстан жана Өзбекстандын жаш активисттери. Жашы - 25 жашка чейин. Балдар менен кыздардын бирдей катышуусун кубаттайбыз
- *Конкурс эки категорияда өткөрүлөт:*
    - ⇒ Чыгармачылык иштер (сүрөт, фото-сүрөттөр, мандала, коллаж)
    - ⇒ же климаттык көйгөйлөрду чагылдырган тексттер
- Эмгектер *орус, казак, тажик, кыргыз, өзбек жана англис* тилдеринде кабыл алынат
- Ар бир автордон 1ден ашык эмес эмгек кабыл алынат

*Маанилүү даталар:*

1. Иштерди иштеп чыгуу жана тапшыруу **2024-жылдын 1-ноябрынан 2025-жылдын 31-январына** чейин
2. Карточкалаарды акыркы тандоо 2025-жылдын **1-февралынан 30-мартына** чейин

*Билдирмелерди берүү тартибик:*

*Конкурстук иштерди түзүү үчүн жасалма акылды колдонууга катуу тыюу салынат!!!*

1. Шилтеме же QR коду боюнча онлайн билдирмени толтуруу https://capsunlock.org/?page_id=1028u0026lang%3Dky&lang=ky

2. Сүрөттү же текстти тиркөө. Төмөнкүлөргө көңүл буруу керек:
   ***Чыгармачылык иштер*** JPEG же PNG форматында (20 мб чейин), минималдуу чечилиши 2800 x 3500 пиксел (портрет багытында болгону жакшыраак) жана 300 DPI тыгыздыгы менен берилиши керек. Бардык чыгармалар (*сүрөттөрдөн башка*) сканерден өтүшү керек.

   ***Текст:*** кыска текстти (максимум 150 сөз) төмөнкү тилдердин биринде берүү зарыл: казак, тажик, кыргыз, өзбек, орус же англис.

   *№1 тиркемеде* чыгармачыл иштерди жана тексттерди түзүү боюнча кеңештер/усулдук көрсөтмөлөр берилген.

***Кыргызстандагы байланыш адамы:*** *Альфия Насырова,* ***email:*** alphia.nasyrova@gmail.com, WhatsApp +996 701 441 441

*Баалоонун критерийлери:*

1. Чыгарманын оригиналдуулугу, концепциясы жана эстетикалык баалуулугу
2. Көйгөйдүн регион же өлкө үчүн актуалдуулугу
3. Жергиликтүү маданиятка, каада-салттарга жана улуттук өзгөчөлүктөргө шайкеш келүүсү

*Финалисттер үчүн сыйлыктар:*

Сиздин автордугуңузду жана эл аралык долбоорго, ошондой эле карточкалардын уникалдуу топтомуна кошкон зор салымыңызды тастыктаган эл аралык сертификат.

Финалга чыккан иштер «Turn It Around:климаттык карточкаларынын уникалдуу топтомуна кошулат Климаттык карточкалардын Борбордук Азиядагы топтому" билим берүү уюмдарында да, улуттук саясаттын деңгээлинде да климаттык өзгөрүүлөрдү окутуу жана талкуулоо үчүн маанилүү ресурс болуп калат.

*№ 1 тиркеме*

**Чыгармачыл иштерди түзүү боюнча кеңештер/нускоочулар**

- Айланаңызда чогултулган табигый же жарактан чыккан материалдарды колдонуп, көркөм чыгарма жаратыңыз жана сапаттуу сүрөткө тартыңыз
- Нарисуйте или изобразите картину, выражающую вашу связь с природой, небом, землей
- Климатты жана айлана-чөйрөнү коргоого багытталган жаштардын же коомчулуктун акцияларынын сүрөттөрүн бөлүшүңүз
- Идеалдуу окуу мейкиндигиңизди элестетиңиз: сиз кайда окуйсуз? Сиз эмнени окуп жатасыз? Сиз ким менен окуп жатасыз?
- Сиз же жамаатыңыз үчүн климаттын өзгөрүшүнө болгон көз карашыңызды чагылдырган көркөм чыгарма жаратыңыз
- Жердеги жашоого ылайыктуу келечекке салым кошуу үчүн сиз, сиздин мектебиңиз же жамаатыңыз жасай турган кадамды же аракетти элестетиңиз
- Климаттын өзгөрүшүнөн улам жашоосуна коркунуч туудурган ар кандай жандыкты (өсүмдүк, жаныбар, курт-кумурска) тартыңыз же сүрөттөңүз.
- Экологиялык же климаттык кырсыктан сиз кандай зыян тарттыңыз? Бул сизде кандай сезимдерди ойготту?

**Тексттерди түзүү боюнча кеңештер**

- Биздин жашообузду жана планетабыздын гүлдөп-өнүгүшүн камсыз кылуу үчүн эмнелерди билишибиз керек?
- Саясий лидерлерге айтыңыз - алар сиздин келечегиңиз жөнүндө чечим кабыл алууда эмнени билиши керек (же унутпашы керек)
- Климаттык билим берүү эмне үчүн бүгүн окуу планына киргизилиши керектигин түшүндүрүңүз
- Табияттан эмнени үйрөнсө болот, мектепте окута албаган нерселерди сүрөттөп бериңиз
- Ата-бабаларыңыздан/маданиятыңыздан алган жана келечек муунга өткөрүп бергиңиз келген сабак менен бөлүшүңүз
- Саясатчыларга "классикалык эмес мугалимдериңиз" жөнүндө айтып бериңиз (мисалы, жаныбарлар, өсүмдүктөр, жаратылыш, ата-бабалар, технология ж.б.). Алар сизге эмнени жана кантип үйрөтүшөт?
- Климатты коргоо үчүн чараларды көрүүгө эмне түрткү бергени жөнүндө жазыңыз. Келечек бүдөмүк болгон учурда үмүттү кайдан табарыңыз башка жаштарга кандай жардам берери жөнүндө ойлонуп көрүңүз
- Жергиликтүү адабияттан, поэмадан, пьесадан же аңгемеден үзүндү же цитата табыңыз. Бул сиздин жамаатыңыздын жаратылыш, айлана-чөйрөнү коргоо жана климат менен маданий же тарыхый байланышы жөнүндө эмнени билдирерин түшүндүрүңүз.
- Экологиялык же климаттык кырсыктан сиз кандай зыян тарттыңыз? Бул сизде кандай сезимдерди ойготту?